# ЭФОТК (IFRIC) 16 түшүндүрмөсү
## *"Таза инвестицияны чет өлкөлүк бөлүмгө хеджирлөө"*

## Шилтемелер

- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8
- *"Валюталык курстардын өзгөрүүлөрүнүн таасири"* ФОЭС (IAS) 21
- *"Финансылык инструменттер"* ФОЭС (IFRS) 9

## Баштапкы маалымат

1 Көптөгөн отчет берүүчү ишканалардын чет өлкөлүк бөлүмдөргө инвестициялары бар (бул термин ФОЭС (IAS) 21дин 8-пунктунда аныкталгандай). Мындай чет өлкөлүк бөлүмдөр туунду, ассоциацияланган ишканалар, биргелешкен ишканалар же филиалдар болушу мүмкүн. ФОЭС (IAS) 21 талап кылгандай, ишкана анын чет өлкөлүк бөлүмдөрүнүн ар биринин колдонуудагы валютасын аныкташы керек, мындай валюта катары ошол бөлүм иштеген негизги экономикалык чөйрөнүн валютасы белгиленет. Чет өлкөлүк бөлүмдүн натыйжаларын жана финансылык абалын отчеттуулукту тапшыруу валютасына кайра эсептөөдө ишкана ошол чет өлкөлүк бөлүмдүн чыгып калышын таанымайынча, башка жыйынды кирешенин курамында курстук айырмаларды таанышы керек.

2 Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялоого байланыштуу валюталык тобокелдикти хеджирлөөнү эсепке алуу мындай чет өлкөлүк бөлүмдүн таза активдери финансылык отчеттуулукка камтылган учурда гана колдонулушу мүмкүн[1]. Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялоого байланыштуу валюталык тобокелдикке карата хеджирлөөнүн объекти катары таза активдердин чет өлкөлүк бөлүмдүн таза активдеринин баланстык наркына барабар же андан азыраак суммасы болушу мүмкүн.

3 ФОЭС (IFRS) 9га ылайык, хеджирлөө мамилелеринин курамында ишкананын каалоосу боюнча жол берилген хеджирлөө объекти жана хеджирлөө инструменти аныкталышы керек. Эгерде ишкана өз каалоосу боюнча хеджирлөөнүн мамилелерин аныктаса, таза инвестицияны хеджирлөө учурунда, ушул таза инвестицияны хеджирлөөдө натыйжалуулугу белгиленген болуп саналган хеджирлөөнүн инструменти боюнча пайдалар жана зыяндар башка жыйынды кирешенин курамында таанылат жана белгиленген чет өлкөлүк бөлүмдүн натыйжаларын жана финансылык абалын кайра эсептөөдө пайда болгон курстук айырмалар камтылган беренеге камтылат.

4 Көптөгөн чет өлкөлүк бөлүмдөрү бар ишкана бир нече валюталык тобокелдикке кабылышы мүмкүн. Ушул Түшүндүрмө чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөөдө хеджирленген тобокелдик катары квалификацияланышы мүмкүн болгон валюталык тобокелдиктерге карата көрсөтмөлөрдү камтыйт.

5 ФОЭС (IFRS) 9 ишкана тарабынан өз каалоосу боюнча финансылык инструментти (же туунду же туунду эмес финансылык инструменттердин айкалышын) валюталык тобокелдикти хеджирлөө инструменттери катары аныктоого жол берет. Ушул Түшүндүрмө топтун курамына кирген кайсы ишканаларда хеджирлөөнү эсепке алынышын колдонууну камсыз кылуу үчүн чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөө инструменттери кармалышы мүмкүн боло тургандыгы тууралуу көрсөтмөлөрдү камтыйт.

[1] Бириктирилген финансылык отчеттуулук, ассоциацияланган ишканаларга же биргелешкен ишканаларга инвестициялар сыяктуу инвестициялардын объекттери үлүштүк катышуу методу боюнча эсепке алынган финансылык отчеттуулук, ошондой эле *«Биргелешкен ишкердик»* ФОЭС (IFRS) 11ге ылайык аныкталгандай, филиал же биргелешкен операциялар камтылган финансылык отчеттуулук болгон учурда мындай жагдай орун алышы мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

6 ФОЭС (IAS) 21 жана ФОЭС (IFRS) 9 чет өлкөлүк бөлүмдүн натыйжаларын жана финансылык абалын кайра эсептөөдө пайда болгон курстук айырмаларга да, тийиштүү таза инвестицияны хеджирлөөдө натыйжалуулугу белгиленген болуп саналган хеджирлөөнүн инструментинен түшкөн пайдаларга же зыяндарга да карата башка жыйынды кирешеде таанылган, топтолгон суммаларды менчик капиталдын курамынан башкы ишкана чет өлкөлүк бөлүмдүн иштен чыгышын тааныган кайра классификациялоочу ондоп-түзөө катары пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоону талап кылат. Ушул Түшүндүрмө хеджирлөө инструментине, ошондой эле хеджирлөө объектине карата менчик капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоону талап кылган суммаларды ишкана кантип эсепке алышы керектиги тууралуу көрсөтмөлөрдү камтыйт.

## Колдонуу чөйрөсү

7 Ушул Түшүндүрмө чет өлкөлүк бөлүмдөргө анын таза инвестицияларына байланыштуу валюталык тобокелдикти хеджирлеген ишканага карата колдонулат жана ФОЭС (IFRS) 9га ылайык хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонуу критерийлерине ылайык келүүгө умтулат. Ыңгайлуулук үчүн, ушул Түшүндүрмөдө мындай ишкана башкы ишкана деп, ал эми чет өлкөлүк бөлүмдөрдүн таза активдери камтылган финансылык отчеттуулук бириктирилген финансылык отчеттуулук деп аталат. Башкы ишкана тууралуу бардык эскерүүлөр чет өлкөлүк бөлүмдөргө таза инвестициясы бар, биргелешкен ишкана, ассоциацияланган ишкана же филиал болуп саналган ишканага карата да колдонулушу мүмкүн.

8 Ушул түшүндүрмө чет өлкөлүк бөлүмдөргө таза инвестицияларга карата гана колдонулат; аны хеджирлөөнү эсепке алуунун башка типтерине карата ошол сыяктуу эле колдонуу мүмкүн эмес.

## Суроолор

9 Чет өлкөлүк бөлүмдөргө инвестициялар башкы ишкана тарабынан түздөн-түз же кыйыр түрдө анын туунду ишканасы же туунду ишканалары аркылуу кармалышы мүмкүн. Ушул Түшүндүрмөдө төмөнкүдөй суроолор каралат:

(a) *хеджирленген тобокелдиктин мүнөзү жана хеджирлөө объектисинин суммасы, алар үчүн ишкана өз каалоосу боюнча хеджирлөөнүн мамилелерин аныкташы мүмкүн*:

(i) башкы ишкана хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын жана анын чет өлкөлүк бөлүгүнүн колдонуудагы валюталарынын ортосундагы айырмага байланыштуу курстук айырмаларды гана өз каалоосу боюнча аныктай алабы, же ал хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулукту тапшыруу валютасынын жана чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасынын ортосундагы айырмага байланыштуу курстук айырмаларды да аныктай алабы;

(ii) эгерде башкы ишкана чет өлкөлүк бөлүмгө кыйыр түрдө ээлик кылса, хеджирленген тобокелдик чет өлкөлүк бөлүмдүн жана анын түздөн-түз башкы ишканасынын ортосундагы колдонуудагы валюталарындагы айырмага байланыштуу курстук айырмаларды гана камтый алабы, же хеджирленип жаткан тобокелдик чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасынын жана анын кандай болбосун ортодогу же акыркы башкы ишкананын колдонуудагы валютасынын ортосундагы курстук айырмаларды да камтый алабы (башкача айтканда, чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестициялар ортодогу башкы ишкана аркылуу жүзөгө ашырылгандыгы акыркы башкы ишкананын экономикалык тобокелдигине таасир этеби).

© ФОЭС Фонду

(b) *топтун курамына кирген кайсы ишканада хеджирлөөнүн тиешелүү инструменти кармалышы мүмкүн*:

(i) өзүнүн таза инвестицияларын хеджирлеген ишкана хеджирлөөнүн инструменти боюнча тарап болуп саналса, же болбосо хеджирлөө инструменти анын колдонуудагы валютасына карабастан, кандай болбосун ишкана тарабынан топто кармалышы мүмкүн болсо, хеджирлөөнүн мамилелери хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонуу критерийлерине ылайык келе алабы;

(ii) хеджирлөө инструментинин мүнөзү (туунду же туунду эмес) же консолидациялоо методу хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоого таасир этеби.

(c) *чет өлкөлүк бөлүмдүн иштен чыгып калышында кайра классификацияланган оңдоп-түзөөлөр катары кандай суммалар менчик капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланышы керек*:

(i) хеджирленип жаткан чет өлкөлүк бөлүм чыгып жатканда, хеджирлөө инструментине таандык жана ушул чет өлкөлүк бөлүмгө таандык чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервдеги башкы ишкана тарабынан таанылган кандай суммалар башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда өздүк капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланышы керек;

(ii) консолидациялоо методу менчик капиталдын курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялануурга тийиш болгон суммаларды аныктоого таасир этеби.

## Консенсус

### Ишкана өз каалоосу менен хеджирлөөнүн мамилелерин аныктай алган хеджирленген тобокелдиктин мүнөзү жана хеджирлөө объектисинин суммасы

10 Чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасы менен башкы ишкананын колдонуудагы валютасынын ортосунда пайда болгон курстук айырмаларга карата гана хеджирлөөнү эсепке алуу колдонулушу мүмкүн.

11 Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияга байланыштуу валюталык тобокелдиктерди хеджирлөөдө хеджирлөөнүн объекти башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк бөлүмдүн таза активдеринин баланстык наркына тең же андан кем таза активдердин суммасы болушу мүмкүн. Башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлөөнүн объекти катары ишкананын каалоосу боюнча аныктала турган чет өлкөлүк бөлүмдүн таза активдеринин баланстык наркы ушул чет өлкөлүк бөлүм үчүн башкы ишкана болуп, бирок алда канча төмөнкү деңгээлдеги деп саналган кандайдыр бир ишкана ушул чет өлкөлүк бөлүмдүн бардык таза активдерине же алардын бир бөлүгүнө карата хеджирлөөнү эсепке алууну колдонгондугунан, жана ушул эсепке алуу башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда сакталгандыгына байланыштуу болот.

12 Хеджирленген тобокелдик ишкананын каалоосу боюнча чет өлкөлүк бөлүмдүн колдонуудагы валютасынын жана ушул чет өлкөлүк бөлүмдүн кандай болбосун башкы ишканасынын (тикелей, ортолук же акыркы башкы ишкананын) колдонуудагы валютасынын ортосундагы айырмага байланыштуу валюталык тобокелдик катары аныкталышы мүмкүн. Таза инвестиция ортолук башкы ишкана аркылуу кармалып жаткандыгы акыркы башкы ишкана үчүн валюталык тобокелдикке байланыштуу экономикалык тобокелдиктин мүнөзүнө таасир этпейт.

© ФОЭС Фонду

13 Чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияга байланыштуу валюталык тобокелдикке тартылуу бириктирилген финансылык отчеттуулуктун максаттары үчүн хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонуу критерийлерине бирден ашык эмес жолу ылайык келиши мүмкүн. Мындан улам, чет өлкөлүк бөлүмдүн бир эле таза активдери топтун алкагында бир эле тобокелдикке карата бир нече башкы ишканалар тарабынан хеджирленсе (мисалы, тикелей, кыйыр да башкы ишкана тарабынан), хеджирлөөнүн ушул мамилелеринин бир гана акыркы башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда аларды чагылдыруу үчүн хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонуу критерийлерине ылайык келет. Бир башкы ишкананын өз каалоосу боюнча анын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда аныкталган хеджирлөөнүн мамилелери сөзсүз эле башка алда канча жогорку деңгээлдеги башкы ишкана тарабынан сакталууга тийиш эмес. Бирок алар кыйла жогору деңгээлдеги башкы ишкана тарабынан сакталбаса, кыйла төмөн деңгээлдеги башкы ишкана тарабынан колдонулган хеджирлөөнүн эсепке алынышы кыйла жогору деңгээлдеги башкы ишканада хеджирлөөнүн эсепке алынышын таануудан мурда элиминацияланышы керек.

## Топтун курамына кирген кайсы ишканаларда хеджирлөө инструменти кармалышы мүмкүн

14 Туунду же туунду эмес инструмент (же туунду жана туунду эмес инструменттердин айкалышы) чет өлкөлүк бөлүмгө таза инвестицияны хеджирлөө инструменти катары ишкананын өз каалоосу боюнча аныкталышы мүмкүн. Хеджилөөнүн инструменти (инструменттери) таза инвестицияны хеджирлөөгө карата колдонулуучу хеджирлөө мамилелеринин документ менен жол-жоболоштуруусун жана натыйжалуулугун ишкананын каалоосу боюнча аныктоо бөлүгүндө ФОЭС (IFRS) 9дун 6.4.1-пунктунун талаптары аткарылса, топтун курамындагы кандай болбосун ишкана же ишканалар тарабынан кармалышы мүмкүн. Тактап айтканда, топтун ар кандай деңгээлдеринде хеджирлөөнүн мамилелери ар кандай аныкталышы мүмкүн болгондуктан, топту хеджирлөөнүн так документалдуу стратегиясы болушу керек.

15 Натыйжалуулукту баалоо максатында валюталык тобокелдикке байланыштуу хеджирлөө инструментинин наркынын өзгөрүүсү башкы ишкананын колдонуудагы валютасына карата колдонулуп, эсептелиши керек, анын колдонуудагы валютасына карата хеджирлөөнү эсепке алуу максатында жол-жоболоштурулган документацияга ылайык хеджирленген тобокелдик бааланат. Хеджирлөөнүн инструменти кайсы ишканада кармалгандыгына жараша, хеджирлөөнүн эсепке алынышы жок болгондуктан, нарктын жалпы өзгөрүүсү пайданын же зыяндын курамында, башка жыйынды кирешеде же эки беренеде тең таанылышы мүмкүн болмок. Бирок, хеджирлөө инструментинин наркынын өзгөрүүсү пайданын же зыяндын курамында же башка жыйынды кирешеде таанылгандыгы натыйжалуулукту баалоого таасир этпейт. Хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонууда өзгөрүүнүн бардык натыйжалуу бөлүгү башка жыйынды кирешеге камтылат. Хеджирлөөнүн инструменти туунду же туунду эмес болуп саналгандыгы да, консолидациялоо методу да натыйжалуулукту баалоого таасир этпейт.

## Хеджирленген чет өлкөлүк бөлүмдүн чыгып калышы

16 Хеджирленген чет өлкөлүк бөлүм чыгып кеткенде, башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлөө инструментине карата кайра классификацияланган оңдоп-түзөө катары ФОЭС (IFRS) 9дун 6.5.14-пунктуна ылайык аныкталган сумманы чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервден пайданын же зыяндын курамына кайра классификациялоо керек. Белгиленген сумма натыйжалуулугу хеджирлөөдө белгиленген болуп саналган хеджирлөө инструменти боюнча пайданын же зыяндын топтолгон суммасын билдирет.

17 ФОЭС (IAS) 21дин 48-пунктуна ылайык пайданын же зыяндын курамына ушул чет өлкөлүк бөлүмдүн таза инвестициясына карата башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда таанылган чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резервинен

© ФОЭС Фонду

кайра классификацияланган сумма ушул чет өлкөлүк бөлүмгө карата ушул башкы ишкананын чет өлкөлүк валютасын кайра эсептөө боюнча резервине камтылган сумманы билдирет. Акыркы башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда бардык чет өлкөлүк бөлүмдөргө карата чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервде таанылган агрегацияланган таза сумма консолидациялоо методуна көз каранды эмес. Акыркы башкы ишкана тарабынан колдонулган, - тикелей же кадамдык[2] консолидациялоо методу айрым чет өлкөлүк бөлүмдөргө карата чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча анын резервине камтылган суммага таасир этиши мүмкүн. Консолидациялоонун кадам методун колдонуу хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоо үчүн колдонулган суммадан айырмаланган сумманы пайданын же зыяндын курамына которууга алып келиши мүмкүн. Бул айырманы консолидациялоонун тикелей методун колдонууда пайда болушу мүмкүн болгон сумманы ушул чет өлкөлүк бөлүмгө карата эсептөө менен жоюуга болот. ФОЭС (IAS) 21 мындай оңдоп-түзөөнү талап кылбайт. Бирок, ишкана мындай ыкманы өзүнүн эсептик саясаты катары тандап алышы мүмкүн, аны бардык таза инвестицияларга карата ырааттуу түрдө колдонуу керек.

## Күчүнө кирүү күнү

18 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2008-жылдын 1-октябрында же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Ишкана 2009-жылдын октябрында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи менен киргизилген 14-пунктка карата түзөтүүнү 2009-жылдын 1-июлунда же ушул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эки учурда тең мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2008-жылдын 1-октябрында башталган мезгилде, же 14-пунктка түзөтүүнү 2009-жылдын 1-июлуна чейин колдонсо, ал ушул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

18A [Алып салынган]

18B 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 тарабынан 3, 5 - 7, 14, 16, AG1 жана AG8- пункттары киргизилген жана 18A-пункту алып салынган. Ишкана белгиленген түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир убакта колдонушу керек.

## Өткөөл жоболор

19 ФОЭС (IAS) 8 Түшүндүрмөнү алгачкы колдонуунун натыйжасында эсеп саясатындагы өзгөртүүлөрдү колдонуу боюнча талаптарды камтыйт. Ишкана ушул Түшүндүрмөнү биринчи колдонууда ушул талаптарды аткарууга милдеттүү эмес. Эгерде таза инвестицияларды хеджирлөөдө ишкана хеджирлөө инструментин өз каалоосу боюнча аныктап, бирок ошол хеджирлөө ушул Түшүндүрмөгө ылайык хеджирлөөнүн эсепке алынышы мүмкүн болгон шарттарга ылайык келбесе, ишкана ФОЭС (IAS) 39дун талаптарына ылайык хеджирлөөнүн эсепке алынышын алдын ала токтотушу керек.

2 Тикелей метод – чет өлкөлүк бөлүмдүн финансылык отчеттуулугу акыркы башкы ишкананын колдонуудагы валютасына түздөн-түз кайра эсептелген консолидациялоо методу. Кадам методу - чет өлкөлүк бөлүмдүн финансылык отчеттуулугу адегенде ортодогу башкы ишкананын (ишканалардын) колдонуудагы валютасына кайра эсептелип, андан кийин акыркы башкы ишкананын колдонуудагы валютасына (же эгерде алар айырмаланса, отчеттуулукту тапшыруу валютасына) кайра эсептелген консолидациялоо методу.

© ФОЭС Фонду

**Тиркеме**


**Пайдалануу боюнча колдонмо**

*Бул тиркеме ушул Түшүндүрмөнүн ажырагыс бөлүгү болуп саналат.*

AG1 Ушул тиркеме төмөндө сыпатталган корпоративдик түзүмдүн мисалында Түшүндүрмөнүн колдонулушун көрсөтөт. Бардык учурларда хеджирлөөнүн бардык сыпатталган мамилелери ФОЭС (IFRS) 9га ылайык натыйжалуулуктун предметине тестирлениши керек, бирок ушул тиркемеде белгиленген тестирлөө талкууланбайт. Акыркы башкы ишкана болуп саналган башкы ишкана өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугун өзүнүн колдонуудагы валютасы – евро (EUR) менен берет. Бардык туунду ишканалар анын толук менчигинде болот. Башкы ишкананын В туунду ишканасына (анын колдонуудагы валютасы фунт стерлинг (GBP) болуп саналат) 500 миллион фунт стерлинг өлчөмүндөгү таза инвестициясы В туунду ишканасынын С туунду ишканасына (анын колдонуудагы валютасы болуп АКШ доллары (USD) саналат) 300 миллион долларга эквиваленттүү 159 миллион фунт стерлинг өлчөмүндөгү таза активдерди камтыйт. Башкача айтканда, В туунду ишканасынын таза активдери, С туунду ишканасына салынган анын инвестицияларынан тышкары, 341 миллион фунт стерлингди түзөт.

## Ишкана хеджирлөө мамилелерин өз каалоосу боюнча аныктай алган хеджирлөө тобокелдигинин мүнөзү (10-13-пункттар)

AG2 Башкы ишкана А, В, же С туунду ишканаларынын кайсынысы болбосун алардын тийиштүү колдонуудагы валюталарынын (жапон иенасы (JPY), фунт стерлинг жана АКШ доллары) ортосундагы айырмага байланыштуу валюталык тобокелдикке карата өзүнүн таза инвестицияларын хеджирлей алат. Мындан тышкары, башкы ишкана В туунду ишканасынын жана С туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын ортосундагы айырмага байланыштуу USD/GBP валюталык тобокелдикти хеджирлей алат. В туунду ишканасы өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда өзүнүн таза инвестициясын С туунду ишканасына алардын колдонуудагы валюталарынын – АКШ долларынын жана фунт стерлингдин ортосундагы валюталык тобокелдикке карата хеджирлей алат. Төмөнкүдөй мисалдарда хеджирленген тобокелдик ишкананын каалоосу боюнча учурдагы валюталык курстун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги катары аныкталат, анткени хеджирлөө инструменттери туунду болуп саналбайт. Эгерде форварддык келишимдер хеджирлөө инструменти болсо, башкы ишкана өз каалоосу боюнча форварддык валюталык курстун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирленген катары аныктай алмак.




© ФОЭС Фонду

### Ишкананын каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөө мамлелерине киргизилиши мүмкүн болгон хеджирлөө объектисинин суммасы (10 – 13-пункттар)

AG3 Башкы ишкана өзүнүн таза инвестициясына карата валюталык тобокелдикти С туунду ишканасына хеджирлөөнү каалайт. А туунду ишканасынын 300 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү тышкы зайымдары бар деп болжолдойлу. А туунду ишканасынын таза активдери отчеттук мезгилдин башында 300 миллион АКШ доллары өлчөмүндөгү тышкы зайымдардан түшүүлөрдү кошуп, 400 000 миллион жапон йенасын түзөт.

AG4 Бириктирилген финансылык отчеттуулукта башкы ишкананын С туунду ишканасына таза инвестициясынын баланстык наркына (300 миллион АКШ доллары) тең же андан кем таза активдердин суммасы хеджирлөөнүн объекти болушу мүмкүн. Башкы ишкана өзүнүн бириктирилген отчеттуулугунда С туунду ишканасынын таза активдеринин US$300 миллион суммасындагы башкы ишкананын таза инвестициясына байланыштуу EUR/USD учурдагы курстун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструменти катары 300 миллион АКШ доллары өлчөмүндө А туунду ишканасына тышкы зайымдарды өз алдынча аныктай алат. Мындай учурда 300 миллион АКШ доллары суммасындагы А туунду ишканасындагы тышкы зайымдарга карата EUR/USD курсунун өзгөрүлүшүнөн келип чыккан айырма, ошондой эле 300 миллион АКШ доллары суммасында С туунду ишканасына таза инвестицияларга карата EUR/USD курсунун өзгөрүлүшүнөн келип чыккан айырма хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонуудан кийин башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервге камтылат.

AG5 Хеджирлөөнүн эсепке алынышы жок болгондуктан, 300 миллион АКШ доллары суммасында А туунду ишканасына тышкы зайымдарга карата USD/EUR курсунун өзгөрүлүшүнөн келип чыккан жалпы айырма башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда төмөнкүдөй болуп таанылат:

- USD/JPY учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу, еврого кайра эсептелген айырма пайданын же зыяндын курамында таанылат, жана
- JPY/EUR учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу айырма башка жыйынды кирешенин курамында таанылат.

AG4-пунктунда сыпатталган хеджирлөө мамилелерин аныктоонун альтернативасы катары башкы ишкана өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда С туунду ишканасынын жана В туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын ортосунда айырма болгондуктан пайда болгон GBP/USD учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструменти инструменти катары 300 миллион АКШ доллары суммасында А туунду ишканасындагы тышкы зайымдарды өз каалоосу боюнча аныкташы мүмкүн. Мындай учурда 300 миллион АКШ доллары суммасында А туунду ишканасындагы тышкы зайымдарга карата USD/EUR курсунун өзгөрүлүшүнөн келип чыккан жалпы айырма башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда төмөнкүдөй болуп таанылат:

- GBP/USD учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу айырма С туунду ишканасына карата чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервдин курамында таанылат,
- GBP/JPY учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу, еврого кайра эсептелген айырма пайданын же зыяндын курамында таанылат, жана
- JPY/EUR учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу айырма башка жыйынды кирешенин курамында таанылат.

AG6 Башкы ишкана өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда EUR/USD учурдагы курсунун өзгүрүлүшүнүн тобокелдигинин да, GBP/USD учурдагы курсунун

өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин да хеджирлөө инструменти катары 300 миллион АКШ миллион доллары суммасында А туунду ишканасындагы тышкы зайымдарды өз каалоосу боюнча аныктоого укуктуу эмес. Бир инструмент ишкананын каалоосу боюнча бир эле тобокелдикти хеджирлөө инструменти катары бир жолу гана аныкталышы мүмкүн. В туунду ишканасы өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлөөнүн эсепке алынышын колдонууга укуктуу эмес, себеби хеджирлөөнүн инструменти В туунду ишканасын жана С туунду ишканасын камтыган топтун алкагынан тышкары кармалып турат.

## Хеджирлөөнүн инструменти топтун курамына кирген кайсы ишканаларда кармалышы мүмкүн (14 жана 15-пункттар)?

AG7 AG5-пунктунда белгиленгендей, хеджирлөөнүн эсепке алынышынын жоктугунан, валюталык тобокелдикке карата 300 миллион АКШ доллары суммасында А туунду ишканасындагы тышкы зайымдардын наркынын жалпы өзгөрүлүшү башкы ишкананын бириктирилген отчеттуулугунда жарым-жартылай пайданын же зыяндын курамында (USD/JPY учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги), жарым-жартылай – башка жыйынды кирешенин курамында (EUR/JPY учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги) чагылдырылышы мүмкүн. AG4-пунктуна ылайык, ишкананын каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөө мамилелеринин натыйжалуулугун баалоо максаттары үчүн белгиленген эки сумма тең эсепке алынышы керек, себеби хеджирлөө боюнча документацияга ылайык хеджирлөөнүн инструменти катары, ошондой эле хеджирлөөнүн объекти катары нарктын өзгөрүлүшү евронун – башкы ишкананын колдонуудагы валютасынын жана АКШ долларынын – С туунду ишканасынын колдонуудагы валютасынын катышынан улам эсептелинет. Консолидациялоо методун тандоо (б.а. тикелей же кадам методу) хеджирлөөнүн натыйжалуулугун баалоого таасир этпейт.

## Чет өлкөлүк бөлүм чыгып калган учурда пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланган суммалар (16 жана 17-пункттар)

AG8 С туунду ишканасы чыгып калган учурда төмөнкүдөй суммалар башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө боюнча резервдин (ЧВКР) курамынан пайданын же зыяндын курамына кайра классификацияланат:

(a) 300 миллион АКШ доллары суммасында А туунду ишканасынын тышкы зайымдарына карата ФОЭС (IFRS) 9га ылайык идентификациялануучу сумма, б.а. хеджирлөөнүн натыйжалуу бөлүгү катары башка жыйынды кирешенин курамында таанылган, валюталык тобокелдикке карата нарктын жалпы өзгөрүлүшү; жана

(b) 300 миллион АКШ доллары суммасында С туунду ишканасына салынган таза инвестицияларга карата, ишкана тарабынан колдонулган консолидациялоо методуна жараша аныкталган сумма. Эгерде башкы ишкана тикелей методду колдонсо, анда анын С туунду ишканасына карата ЧВКР EUR/USD алмашуу курсунун негизинде түздөн-түз аныкталат. Эгерде башкы ишкана кадам методун колдонсо, С туунду ишканасына карата анын ЧВКР GBP/USD курсунан келип чыккан В туунду ишканасы тарабынан таанылган жана EUR/GBP курсун колдонуу менен башкы ишкананын колдонуудагы валютасына кайра эсептелген ЧВКР көлөмүндө аныкталат. Буга чейинки мезгилдерде башкы ишкана тарабынан консолидациялоонун кадам методунун колдонулушу С туунду ишканасы чыгып калган учурда кайра классификациялана турган ЧВКР суммасын ал эсеп саясатына жараша тикелей методун такай эле колдонсо, тааныла турган сумма катары аныктоону андан талап кылбайт жана ага тоскоолдук түзбөйт.

## Бир нече чет өлкөлүк бөлүмдү хеджирлөө (11, 13 жана 15-пункттар)

AG9 Төмөнкүдөй мисалдар көрсөткөндөй, башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда хеджирлене турган тобокелдик дайыма анын колдонуудагы валютасынын

© ФОЭС Фонду

(евро) жана B жана C туунду ишканаларынын колдонуудагы валюталарынын ортосундагы айырмага байланыштуу тобокелдик болуп саналат. Хеджирлөө мамилелери ишкананын каалоосу боюнча кантип аныкталгандыгына карабастан, эки чет өлкөлүк бөлүм тең хеджирленсе, хеджирлөөнүн натыйжалуу мамилелеринде аныкталышы мүмкүн болгон натыйжалары башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резервине камтыла турган максималдуу суммалар болуп EUR/USD тобокелдигине карата 300 миллион АКШ доллары жана EUR/GBP тобокелдигине карата 341 миллион фунт стерлинг саналат. Валюталык курстардын өзгөрүлүшүнүн натыйжасында нарктын башка өзгөрүлүштөрү башкы ишкананын бириктирилген пайдасынын же зыянынын курамына камтылат. Албетте, башкы ишкана 300 миллион АКШ долларын USD/GBP учурдагы курсунун өзгөрүшүнүн тобокелдигин гана хеджирлөө үчүн, же 500 миллион фунт стерлингди GBP/EUR учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин гана хеджирлөө үчүн өз каалоосу боюнча аныкташы мүмкүн.

**Башкы ишкана USD курсунун, ошондой эле GBP курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструменттерин кармап турат**

AG10 Башкы ишкана B туунду ишканасына да, C туунду ишканасына да өзүнүн таза инвестицияларына карата валюталык тобокелдикти хеджирлөөнү каалашы мүмкүн. Башкы ишкана B туунду ишканасына жана C туунду ишканасына өзүнүн таза инвестицияларын хеджирлөө инструменттери катары өз каалоосу боюнча аныктай алган, АКШ доллары жана фунт стерлинг менен көрсөтүлгөн ылайыктуу инструменттерди кармап турат деп болжолдойлу. Башкы ишкана өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда өз каалоосу боюнча аныктай ала турган хеджирлөө мамилелеринин варианттары төмөнкүлөрдү камтыйт, бирок алар менен гана чектелбейт:

(a) 300 миллион АКШ доллары суммасындагы инструмент ишкананын каалоосу боюнча 300 миллион суммасында C туунду ишканасына салынган таза инвестицияны хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн; мында хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын жана C туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (EUR/USD) ортосундагы учурдагы курстун өзгөрүшүнүн тобокелдиги аныкталышы мүмкүн. Ошол эле убакта ишкана өз каалоосу боюнча 341 миллион фунт стерлинг суммасындагы инструментти 341 миллион фунт стерлинг суммасында B туунду ишканасына таза инвестицияларды хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн; мында хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын жана B туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (EUR/GBP) ортосундагы учурдагы курстун өзгөрүшүнүн тобокелдиги аныкталат.

(b) 300 миллион АКШ доллары суммасындагы инструмент ишкананын каалоосу боюнча 300 миллион АКШ доллары суммасында C туунду ишканасына таза инвестицияларды хеджирлөө инструменти катары аныкталышы мүмкүн; мында хеджирленген тобокелдик катары B туунду ишканасынын жана C туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (GBP/USD) ортосундагы учурдагы курстун өзгөрүшүнүн тобокелдиги аныкталышы мүмкүн. Ошол эле убакта ишкана өз каалоосу боюнча 500 миллион фунт стерлинг суммасындагы инструментти 500 миллион фунт стерлинг суммасында B туунду ишканасына салынган таза инвестицияларды хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн; мында хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын жана B туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (EUR/GBP) ортосундагы учурдагы курсунун өзгөрүшүнүн тобокелдиги аныкталат.

AG11 Башкы ишкананын C туунду ишканасына салынган таза инвестициясына карата пайда болгон EUR/USD тобокелдиги башкы ишкананын B туунду ишканасына салынган таза инвестициясына карата пайда болгон EUR/GBP тобокелдигинен айырмаланат. Бирок AG10(a)-пунктунда сыпатталган учурда кармалып турган, USD менен көрсөтүлгөн хеджирлөө инструментин өз каалоосу боюнча аныктоо аркылуу башкы ишкана C туунду ишканасына салынган өзүнүн таза инвестициясына карата пайда болгон EUR/USD

© ФОЭС Фонду

тобокелдигин толугу менен хеджирлеген. Эгерде башкы ишкана ушундай эле ал тараптан кармалып турган, GBP менен көрсөтүлгөн инструментти 500 миллион фунт стерлинг суммасында В туунду ишканасына өзүнүн таза инвестициясын хеджирлөө катары өз каалоосу боюнча аныктаса, С туунду ишканасына салынган анын таза инвестициясынын GBP менен эквивалентин билдирген 159 миллион фунт стерлинг өлчөмүндөгү белгиленген таза инвестициянын бир бөлүгү башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда GBP/EUR тобокелдигине карата эки жолу хеджирленмек.

AG12 AG10(b)-пунктунда сыпатталган учурда, эгерде башкы ишкана өз каалоосу боюнча хеджирленген тобокелдик катары В туунду ишканасынын жана С туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (GBP/USD) ортосундагы учурдагы курстун өзгөрүшүнүн тобокелдигин аныктаса, GBP/USD курсунун өзгөрүшүнө таандык 300 миллион АКШ доллары суммасына анын хеджирлөө инструментинин наркынын бир бөлүгү гана С туунду ишканасына карата башкы ишкананын чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резервине камтылат. Ушул өзгөрүүнүн калган бөлүгү (159 миллион фунт стерлинг суммасында GBP/EUR курсунун өзгөрүлүшүнүн таасирине эквиваленттүү) AG5-пунктуна ылайык башкы ишкананын бириктирилген пайдасынын же зыянынын курамына камтылат. ишкананын каалоосу боюнча аныкталган В жана С туунду ишканаларынын колдонуудагы валюталарынын ортосундагы USD/GBP курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин камтыбагандыктан, башкы ишкана ошондой эле өзүнүн каалоосу боюнча хеджирлөө объекти катары 500 миллион фунт стерлинг суммасында В туунду ишканасына өзүнүн таза инвестициясын аныкташы мүмкүн; мында хеджирленген тобокелдик катары башкы ишкананын жана В туунду ишканасынын колдонуудагы валюталарынын (GBP/EUR) ортосундагы учурдагы курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдиги аныкталат.

### В туунду ишканасы USD курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструментин кармап турат

AG13 В туунду ишканасынын түшүүлөрү фунт стерлинг менен көрсөтүлгөн ички топтук зайым катары башкы ишканага берилген 300 миллион АКШ доллары суммасындагы тышкы карызы бар деп болжолдойлу. Бул активдер В туунду ишканасынын милдеттериндей эле 159 миллион фунт стерлингге көбөйгөндүктөн, анын таза активдери өзгөрүлгөн эмес. В туунду ишканасы өзүнүн бириктирилген финансылык отчеттуулугунда өз каалоосу боюнча тышкы карызды С туунду ишканасына өзүнүн таза инвестициясы боюнча GBP/USD курсунун өзгөрүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн. Башкы ишкана белгиленген инструменттин аныкталышын В туунду ишканасы тарабынан жасалган, 300 миллион АКШ доллары суммасында С туунду ишканасына салынган өзүнүн таза инвестициясы боюнча GBP/USD курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин хеджирлөө инструменти инструменти катары сакташы мүмкүн (13-пунктту кара); мында башкы ишкана ошондой эле өз каалоосу боюнча GBP  менен көрсөтүлгөн ал тараптан кармалып турган инструментти 500 миллион стерлинг түзгөн В туунду ишканасына салынган өзүнүн бардык таза инвестициясын хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн. В туунду ишканасынын каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөөнүн биринчи белгиленген мамилелери В туунду ишканасынын колдонуудагы валютасына карата колдонулуп, бааланат (фунт стерлинг), ал эми башкы ишкананын каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөөнүн экинчи мамилелери башкы ишкананын колдонуудагы валютасына карата колдонулуп, бааланат (евро). Мындай учурда башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугундагы USD менен көрсөтүлгөн хеджирлөө инструменти EUR/USD курсунун өзгөрүлүшүнүн бардык тобокелдигин эмес, башкы ишкананын С туунду ишканасына салынган таза инвестициясына байланыштуу GBP/USD курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигин гана хеджирлейт. Мындан улам, башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда 500 миллион фунт стерлинг суммасына башкы ишкананын В туунду ишканасына салынган таза инвестициясына байланыштуу EUR/GBP курсунун өзгөрүлүшүнүн бардык тобокелдиги хеджирлениши мүмкүн.

AG14 Бирок В туунду ишканасына төлөнүүгө тийиш болгон башкы ишкананын 159 миллион фунт стерлинг өлчөмүндөгү зайымынын эсепке алынышын да карап чыгуу керек. Башкы ишкана тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон зайым В туунду ишканасына салынган анын

© ФОЭС Фонду

таза инвестициясынын бир бөлүгү катары ал ФОЭС(IAS) 21дин 15-пунктуна ылайык келбегендиктен каралбаса, аны кайра эсептөөдө пайда болгон GBP/EUR курсунун өзгөрүлүшүнөн пайда болгон курстук айырма башкы ишкананын бириктирилген пайдасына же зыянына камтылат. В туунду ишканасына төлөнүүгө тийиш болгон 159 миллион фунт стерлинг өлчөмүндөгү зайым башкы ишкананын таза инвестициясынын бир бөлүгү катары каралса, белгиленген таза инвестиция 341 миллион стерлингди гана түзөт, жана башкы ишкана GBP/EUR курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигине карата хеджирлөөнүн объекти катары өз каалоосу боюнча аныктай алган сумма буга ылайык 500 миллион фунт стерлингден 341 миллион фунт стерлингге чейин азаят.

AG15 Эгерде башкы ишкана В туунду ишканасынын өз каалоосу боюнча аныкталган хеджирлөөнүн мамилелерин сактабаса, анда башкы ишкана өз каалоосу боюнча В туунду ишканасынын тышкы зайымдарын EUR/USD курсунун өзгөрүлүшүнүн тобокелдигине карата 300 миллион АКШ доллары суммасына С туунду ишканасына өзүнүн таза инвестициясын хеджирлөө инструменти катары 300 миллион АКШ доллары суммасында аныкташы мүмкүн жана ошол эле убакта өз каалоосу боюнча GBP менен көрсөтүлгөн ал өзү кармап турган инструментти 341 миллион фунт стерлинг суммасында гана В туунду ишканасына салынган таза инвестицияны хеджирлөө инструменти катары аныкташы мүмкүн. Мындай учурда хеджирлөөнүн эки катышынын тең натыйжалуулугу башкы ишкананын колдонуудагы валютасына (евро) карата колдонулуп, эсептелет. Мындан улам, башкы ишкананын бириктирилген финансылык отчеттуулугунда чет өлкөлүк валютаны кайра эсептөө резервине USD/GBP курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу В туунду ишканасынын тышкы зайымдарынын наркынын өзгөрүлүшү да, GBP/EUR курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу В туунду ишканасына төлөнүүгө жаткан башкы ишкананын зайымынын наркынын өзгөрүлүшү да камтылат (ушул эки көлөмдүн суммасы USD/EUR курсунун өзгөрүлүшүнө байланыштуу нарктын өзгөрүлүшүнө эквиваленттүү). Башкы ишкана С туунду ишканасына салынган анын таза инвестициясына байланыштуу пайда болгон EUR/USD тобокелдигин толугу менен хеджирлегендиктен, ал В туунду ишканасына салынган өзүнүн таза инвестициясына карата EUR/GBP курсунун өзгөрүшүнүн тобокелдигин 341 миллион фунт стерлингге чейинки суммада гана хеджирлей алат.

© ФОЭС Фонду